#RITA 2024 Osh city#

#oshstateuniversityinternationalmedicalfaculty#

#fwlc#

Эки тараптуу келишимдин алкагында Польшанын WSG университетинин демилгеси менен Ош шаарынын окумуштууларынын, анын ичинде Ош мамлекеттик университетинин окутуучуларынын,студенттеринин про-экологиялык компетенциясын калыптандырууга негизделген RITA ( Regional Transition) аттуу долбоорунда ДТжМФнын 24 студент, 1 координатор, 1 тренер, 1 асисстент координатор курамынан турган команда 22-апрелден баштап эрте мененки мастер класстарга активдүү катышып, түштүн кийинки үй тапшырма бөлүгүндө жоопкерчилик, тырышчаактык, ийкемдүүлүк, креативдүүлүк, угуу жана сыйлоо, колдоо, сынчыл ойлоо , биримдик, жоопкерчилик жогорку деңгээлде калыптанганы презентация тапршыруу учурунда тастыкталып жатты.

ДТжМФ РИТА 2024 командасы 5 күндүк долбоордун жүрүшүндө жаратылыштын табийгый продуктыларынан түркүн түстөрдү алууну, экологиялык нукура кагазды таштандыдан кайра иштеп чыгууну, колдонбогон ар кандай кыркындылардан, жиптерден, топчулардан, жаңгактын кабыгынан, таштардан, дандардан, пластик сок ичүүчү түтүкчөлөрдөн коллаж, антиколлаж жасоону, гербарийден антирамага картина даярдоону, , таштанды таштоонун маданиятын 6 түстүү пакетке таштоонун маанилүүлүгү аркылуу үйрөнүп кайрадан аткарып бере алышты. Таштаны маданиятын ар бир балага үй-бүлөдө, окуу мекемелеринде үйрөтүү маанилүү экендигин тренердин кичинекей кыз менен чогуу кыска ролдук демонстрациясы болду.

Долбоордун 5- күнү жыйынтыктоочу үй тапшырмалардын презентациясын тапшыруу болду. Үй тапшырмалар таштандыдыан кайра иштеп чыккан экологиялык нукура кагаздардан түркүн нерселерди жасоо, экологиялык сүрөт рамкасы, колдонбогон буйум-тайымдардан коллаж, декоративдүү жөргөмүш сыяктуу буйумдарды жасоо болгон. Үй тапшырмаларды факультеттин командасы Поляк, Англис жана Кыргыз тилдеринде тапшырды.

Орто мектептер менен болгон кызматташуунун жемиштүү жыйынтыгынын бири практика өтөп жаткан студенттерибиздин бири Атагулова Азизанын окуучуларынын англис тилинде манас айтуусу далил болду.

24 студенттин команда координатору болуу мен үчүн эбегейсиз зор көз ирмемдерге, кубанычтын, сыймыктын эмоцияларына, ар бир катышуучунун позитивдүү мамилесине, жашырылган таланттарды ачууга, маданиятыбызды даңазалоого, студенттердин өзүнө ишеним сезимдерин калыптандырууга, оратордук чеберчиликти практикалоого, студенттердин кыска мөөнөттө Поляк тилинин базалык сөздөрүн практикалап презентацияда колдонууга жана да 2-курс студентибиз Базиева Алинанын тренерлерге англис тилинен орус тилине котормочу болуусунун жыйынтыгын Польшанын WSG университетине кыска мөөнөттүү билим жана тажырыйба алмашууга чакырууга жетишүүсү болду.

In the realization of partnership between Osh SU and WSG University, Poland on developing pro-ecological competence of researchers, teachers and students of the Osh city project RITA ( Regional Transition) was held at the Osh State University, International Medical Faculty.

Each day of the RITA project realization was rich of intensive. Morning sessions on master classes by trainers, afternoon sessions implementing the knowledge. During 5 days students gained competences on making eco-friendly colours, portraits ,papers, decorative hand made products, ethics of waste separation. Short role playing of the trainer with a little girl calls us to develop waste ethics at home and

educational institutions. The effectiveness of each presentation based on team work, collaboration, respect, responsibility, flexibility, creativeness, logical and creative thinking, ability to listen and respect ideas, hard work.

The effectiveness of collaboration between faculty and secondary schools was . 4th year student Aziza Atagulova's pupils' Manas reciting in Kyrgyz and English languages

Leading the RITA FWLC 2024 team as a coordinator allowed me to feel pride, happiness, positiveness, self motivation,discovering new abilities, practicing basic phrases in Polish, 2nd year student Alina Bazieva's getting invitation to WSG university in the result of being translator during each sessions.








EXIT


EXIT

EXIT


RiTA




МЕДИЦИНА






RiTA